Кыргыз Республикасынын билим жана илим министрлиги

Ош мамлекеттик университети

Математика жана информациялык технологиялар факультети

Информатика кафедрасы

Информатика дисциплинасы боюнча өтүлүүчү лекциялык сабактын

И Ш Т Е Л М Е С И

Темасы: ***Microsoft Excel электрондук таблицасы, кызматы, терезенин элементтери***

Группасы: **ПИЭ(б)-1-19**

Түзгөн: **Информатика.каф. улук окут. Шамшиева Гүлмира Асилидиновна**

ОШ-2019

1. **Сабактын темасы:** ***Microsoft Excel электрондук таблицасы, кызматы, терезенин элементтери.***

2. **Сабактын планы:**
   - Программаны жүктөө. Терезенин элементи.
   - Жумушчу китеп. Жумушчу барак жана анын элементтери.
   - Берилгендердин түрлөрү: текст, сан, формула ж.б.

1. **Сабактын максаты:** Студенттерге Microsoft Excel таблицасынын милдеттери, мүмкүнчүлүктөрү, электрондук таблицада эсептөөлөрдү жургузүүнүн жолдорун **билет**. Microsoft Excel электрондук таблицасында өз алдынча эсептөөлөрдү жүргүзүү **көндүмдөрүн калыптанат.**
2. **Сабакта калыптануучу компотенциялар жана окутуунун натыйжалары:**

✓ профессионалдык тапшырмаларды чечүүдө математикалык (табыгый)/ гуманитардык/ экономикалык илимдердин базалык жоболорун колдонууга жөндөмдүү; **(ЖИК-1);**

✓ Маалыматтарды кабыл алуунун, сактоонун жана кайрадан иштеп чыгуунун негизги ыкмаларын, жолдорун жана каражаттарын, маалыматты башкаруу каражаты катары глобалдуу компьютердик түйүндөрдө жана нормативдик маалыматтык системаларда колдоно билет
(ИК-5);

Бул теманы өздөштүрүүдө студент төмөнкү **окутуу натыйжаларына** жетишет:

- электрондук таблицанын милдети, мүмкүнчүлүгү жана негизги функцияларын жөнүндө маалымат алат;
- электрондук таблица менен иштөө жолдорун билет жана түшүнөт.

3. **Сабактын формасы**: ***лекция***
4. **Сабактын тиби: маалымат текст менен иштөө,билим билгичтик,көндүмдөрдү калыптандыруу сабагы.**
5. **Колдонулуучу методдор: СО(окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү) инсерт,мээ чабуулу**.
6. **Сабакта колдонулуучу каражаттар:персоналдык компьютер,проектор,экран,Pover Point программасында даярдалган презентация, “Лоторея” оюну,тесттик материалдар,маалымат-текст баракчалар**.
7. Адабияттар жана электрондук булактар:

Негизги адабияттар

1. Карпов Б. «Microsoft office 2000 Справочник» Петербург-2000 с.34
2. Зулпукарова Д.И., Жакыпбекова А.Т., Ободоева Г.С. «Информатика» окуу куралы. Ош. 2008. 156 бет.

Кошумча адабияттар

4. Сопуев А., Кожобеков К. «Компьютерный практикум» Ош-2002, С. 38.
5. Зулпукарова Д.И., Жакыпбекова А.Т., Ободоева Г.С. Информатика боюнча лабораториялык жумуштар. Ош-2015, 64 бет.
http://mschool.kubsu.ru/ Библиотека электронных учебных пособий

САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ:

Окутуучунун ишмердүүлүгү	Студенттин ишмердүүлүгү	Окутуунун натыйжасы	Метод, технол.	Ресурстар	Балл	Сааты
1	2	3	4	5	6	7
САБАКТЫН 1-ЭТАБЫ:		**САБАКТЫ УЮШТУРУУ МОМЕНТИ**				
➢ Жагымдуу психологиялык жана физикалык чөйрөнү тузөт: ➢ Студенттер менен саламдашат; ➢ Жаңы сабакты окуп үйрөтүү үчүн толук шарттарды(персоналдык компьютер,проектор,экран,Pover Point программасында даярдалган презентацияны даярдайт) түзөт	➢ Окутуучу менен саламдашат; ➢ сабакка даярданышат; ➢ папкаларын даярдашат; ➢ Керектүү программаны жүктөшөт	➢ Студенттердин көңүлүн борборлоштуруу; ➢ Жаңы билим алууга даярдоо	Сүйлөө			2 мин
САБАКТЫН 2-ЭТАБЫ:		**САБАКТЫН МАКСАТЫН КОЮУ**				
➢ Компотенттүүлүккө багыттап окутуу менен студенттерге сабактын темасы о.э. планы менен тааныштырат,максатын коюуга багыт берет; ➢ Төмөнкүдөй суроолор берилет: а) Биз мурдагы сабактарда эмнелерди окуп үйрөндүк? (класстер түзүү) б) Мындан ары кандай иш аракеттерди аткарышыбыз керек? в)Бүгүнку сабакта кандай	➢ Суроолорго жооп берүү аркылуу чогуу сабактын максатын коюшат.	➢ Максат так аныкталат; ➢ Максат коюу,ага жетүү көндүмдөрү калыптанат	Мээ чабуулу	Доска,флипчарт,маркер Презентация,слайд(1-тиркеме-Тема), Слайл (2-тиркеме-План)		3 мин

жыйынтыктарга жетебиз? г)Ал үчүн кандай маалыматтарды алышыбыз керек? • Байкоо жүргүзөт; • Студенттердин берген жоопторун тактайт.						
САБАКТЫН 3-ЭТАБЫ:		**ТАЯНЫЧ БИЛИМДЕРДИ АКТУАЛДАШТЫРУУ**				
➢ Өтүлгө темаларды актуалдаштыруу үчүн мурдагы алган билимдерине диагностикалык баалоону тест аркылуу жүргүзөт; ➢ Тести ар бир студентке бланкалык түрдө таркатат	➢ Таркатылган тесттин жообун белгилүү бир убакыттын ичинде белгилешет; ➢ Өз ара бири биринин тестерин текшеришет;	➢ Таркатылган тесттин жообун белгилүү бир убакыттын ичинде белгилешет;	Тест	Бланкалык тест	10	7мин.
САБАКТЫН 4-ЭТАБЫ:		**ЖАҢЫ БИЛИМДИ КАЛЫПТАНДЫРУУ**				
➢ Көрсөтмө берет: ➢ Маалымат-текст ар бир студентке берилет; ➢ Текстти тереңдик менен өз алдынча окугула; ➢ Инсерт усулун колдонуу менен ар бир сүйлөмдүн тушуна белгикоюп чыккыла; ➢ Аткарылган жумушту топто анализдегиле; ➢ Студенттер менен чогуу текстке анализ берет;	➢ Текстти окушат; ➢ Белгилерди коюшат; ➢ Аткарган жумуштарын топто анализдешет; ➢ Аткарган жумуштарын топто анализдешет; ➢ Аткарган жумуштарын	➢ Окуу,түшүнүү өзүнүн оюн билдирүү,көндүмдөрү калыптанат; ➢ Өзүн өзү текшерүү,анализдөө көндүмдөру калыптанат; ➢ Топто иштөө көндүмдөру калыптанат	Тереңдик менен окуу ,инсерт	Презентациясы,слайд 3-тиркеме	10	15 мин

	окутуучуга демонстрация кылышат					
САБАКТЫН 5-ЭТАБЫ:		**ӨТҮЛГӨН МАТЕРИАЛДЫ БЫШЫКТОО :**				
➢ Жаңы өтүлгөн тема боюнча программаны демонстрациялайт; ➢ Тайпанын студенттери Луиза менен Абдулазиз даярдаган оюнду аткаруу менен балл топтоолорун сунуштайт; ➢ Сайттан өтүлгө тема боюнча тестти(бул тесттин бир түрү,сабакта жасалган жумуштун тартиби ачылуучу вкладкалардын негизинде тандалат) тапшырууну сунуштайт; ➢ Студенттерди балл системасында баалайт(жашыл стикер-0,2)	➢ Тайпанын студенти Луиза программага анализ берүү менен түшүндүрөт; ➢ Тайпанын студенттери Луиза менен Абдулазиз даярдаган “Лотерея”оюнун аткарышат; ➢ Алган баллдарын папкага топтошот; Алган баллдарын окутуучуга айтышат.	➢ Маалыматтар менен иштөө көндүмдөрү калыптанат; ➢ Өз алдынча иштөө жана жоопкерчилик көндүмдөру калыптанат; ➢ Өз алдынча чечим чыгарууга калыптанат; ➢ Өзүн өзу баалоо көндүмдөрү калыптанат.	Дидактикалык оюндар	Демонстрация(Excel прграммасы) “Лотерея”оюну 4-тиркеме	10	10 мин.
САБАКТЫН 6-ЭТАБЫ:		**САБАКТЫ ЖЫЙЫНТЫКТОО:**				
➢ окутуучу сабакты жыйынтыктайт; ➢ сабактын башында айтылган максаттарды кайрадан эске салат; ➢ максаттардын канчалык деңгээлде ишке ашкандыгын студенттер менен чогуу белгилейт	➢ Сабактын башында айтылган максаттардын канчалык деңгээлде ишке ашкандыгын аныкташат	➢ Максатка жетүүчү жыйынтыктарды анализдөө көндүмдөрү калыптанат.	ТОПС			3мин
САБАКТЫН 7-ЭТАБЫ:		**СТУДЕНТТЕРДИН ЖЕТИШКЕНДИКЬЕРИН БААЛОО**				
➢ Баалоо критерийинин негизинде сабак учурунда топтогон баллдарын аныктайт	➢ Студенттер өздөрүнүн топтогон	➢ Студенттерди туура баалоо аркылуу сабакка болгон				

	баллдарын эсептешет; ➢ Ар бир студент жалпы топтогон баллын айтат	кызыгуусун арттыруу; ➢ Балл топтоо менен студенттерге стимул берүү				
САБАКТЫН 8-ЭТАБЫ:		**ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ**				
➢ Силлабустан үй тапшырмасы берилет; ➢ Өз алдынча иштин темасы берилет; ➢ Силлабустагы адабияттарды колдонуу сунушталат; ➢ Берилген тапшырмалар боюнча тушүндүрүү жүргүзүлөт; ➢ Тапшырмаларды сайтка жүктөөнү сунуштайт	➢ Берилген тапшырмалар боюнча маалыматтарды алышат; ➢ Тактоочу суроолорду беришет;	➢ Студенттердин кошумча булактар менен иштөөсү калыптанат; ➢ Берилегн материалды графикалык системалаштыруу калыптанат	➢	➢	➢	➢ 2мин

1-тиркеме

Тема: *Microsoft Excel электрондук таблицасы, кызматы, терезенин элементтери.*

1. **Сабактын планы:**

- Программаны жүктөө. Терезенин элементи.
- Жумушчу китеп. Жумушчу барак жана анын элементтери.
- Берилгендердин түрлөрү: текст, сан, формула ж.б.

Сабактын максаты	Белги коюу:

1. Программаны жүктөө. Терезенин элементи.

Microsoft Office Excel жөнөкөй катардагы колдонуучулардан баштап, тар чөйрөдөгү адистер үчүн кеңири колдонулуучу электрондук таблицалар менен иштөөчү күчтүү таблицалык процессор болуп саналат.
Excel Microsoft корпорациясы тарабынан түзүлгөн Microsoft Office колдонмо программалардын пакетине кирет.

Таблицалык процессор MS Excel –бул таблицалык түрдө берилген тексттик жана сандык берилгендердин үстүнөн математикалык,логикалык,финансылык, статистикалык эсептөөлөрдү жүргүзүүгө арналган программалык каражаттардын жыйындысы.

Excel дин негизги мүмкүнчүлүктөрү:

- Жогорку эсептөөлөрдү талап кылган сандык маселелерди чечүү;
- Отчетторду, жыйынтыктарды түзүү;
- Диаграммаларды түзүү;
- Тизмелерди уюштуруу;
- Сүрөттөрдү жана схемаларды түзүү;
- Татаал маселелерди автоматташтыруу;
- Башка типтеги маалыматтарга мүмкүндүк алуу.

Microsoft Excel таблицалык процессорун жүктөө үчүн ПУСК-ВСЕ ПРОГРАММЫ-MS OFFICE-MS EXCEL командасын аткарабыз же кнопкасын басабыз.



Терезенин элементтери:

1) Тез жетүү панели- бул жерде колдонуучу тынбай колдонгон кнопкалар жайгашкан. Колдонуучу өзүнүн ыңгайына жараша каалаган кнопкаларды бул жерге жайгаштырып алса болот.
2) Менюлар жолчосу – бул жерде процессордун негизги кызматтарын аткаруучу кнопкалар жайгашкан. Ар бир меню өзүндө өзунө гана тиешелүү кызмат аткаруучу кнопкаларды камтыйт.
3) Инструменттер панели- ар бир менюга жараша кызматтарды аткаруучу кнопкалар жана аларда башкаруу жана форматтоо кнопкалары камтылат.
4) Формулалар жолчосу- эсептөөлөрдү жүргүзүү үчүн тиешелүү формулаларды жазуу, жана аларды көрсөтүп туруучу жолчо. Анда учурдагы жумушчу барагынын мазмуну көрсөтүлүп турат.
5) Ячейканын адреси – активдүү ячейканын б.а.курсор жайгашкан ячейканын адресин көрсөтүп турат.
6) Жумушчу область – абстракттык таблица көрүнүшүндөгү жумушчу барак.
7) Абалдар жолчосу- жумушчу китеп канча барактан турганын, алардын аталышын көрүүгө, жаңысын кошууга, масштабын өзгөртүүгө боло турган кнопкалар жайгашкан.

2. Жумушчу китеп. Жумушчу барак жана анын элементтери.

- Excel де түзүлгөн файлдардын баары **китеп** деп аталат.
- Excel де түзүлгөн файлдар ***.XLSX же *.XLS** кеңейтилишине ээ болот.
- Ар бир жумушчу китеп бир нече жумушчу барактардан турат жана 255 ке чейин болот.
- Жумушчу барак жолчолорду жана мамычаларды түзүүчү ячейкалардан турат.
- Бир жумушчу бараста 1 048 576 (65 536) жолчо, жана 16384 (256) мамыча болот
- Мамычалардын аталышы A, B,C,D ж.б. латын тамгалары менен же AB,AL,BA ж.б.у.с. латын тамгаларынын айкалышы менен белгиленет.
- Жолчолордун аталышы 1,2,3 ж.б.у.с. араб цифралары менен белгиленет.
- Жолчолордун жана мамычалардын кесилишинде ячейка жайгашат жана ар бир ячейка өзүнүн жеке дарегине ээ. Ячейканын адреси жолчо жана мамычалардын аталыштары менен белгиленет М: A5, B26 ж.б.у.с
- Кайсыл бир иш аракет жүргүзүлүп жаткан ячейка активдүү ячейка деп аталат жана кара рамка менен белгиленет.
- «Excel» программасын ишке киргизгенден кийин үч барагы бар жаңы жумушчу китеби ачылат.



3. Берилгендердин түрлөрү: текст, сан, формула ж.б.

«Excel»программасы сандарды иштетүүгө арналгандыктан алардын форматын туура жөнгө салуу, туура тандап алуу чоң ролду ойнойт.

«Excel» төмөнкү маалымат форматтарын карманат:

- Жалпы — текст жана каалагандай сандык маанилер;
- Сандык — сандарды берүүнү жалпы ыкмасы;
- Акча — акча бирдиги;
- Каржылык — акча бирдиги бүтүн жана бөлчөктүү бөлүктөрүн теңдөө менен;
- Дата — дата же дата жана убакыт;
- Убакыт — убакыт же дата жана убакыт;
- Проценттик — 100 көбөйтүлгөн жана акырында «%» символу бар уячанын мааниси;
- Бөлчөктүү — бөлүүчүсү жана бөлүнүүчүсү бар рационалдуу бөлчөктөр;
- Экспоненциалдуу — ондук бөлчөк сандар;
- Тексттик — тексттик маалыматтар саптар кандай киргизилип жана иштетилип жатса, анын мазмунунан көз карандысыз дал ошондой берилет;
- Кошумча — маалыматтар базасы жана адрестер тизмеси менен иштөө форматтары;
- Заказ — колдонуучу тарабынан жөнгө салынуучу формат.





Текшерүү үчүн суроолор:

1. Электрондук таблица эмне кызмат аткарат?
2. Excel ди жүктөөнүн жолдору?
3. Жумушчу китеп жана жумушчу барак түшүнүктөрүн кантип айырмалайбыз?
4. Жумушчу китептин элементтерин атагыла.
5. Берилгендердин түрлөрүн санап бергиле.

2-тиркеме

Сабактын максаты	Белги коюу (сунуштар): + **Койгон максатыбызга жетиштик;** © **Койгон максатыбызга толук жетишкен жокпуз;** ≠ **Койгон максатыбызга жетишкен жокпуз.**

3-тиркеме

1. **Окуу процесси баллды топтоо принципине таянат, студенттин ар бир жообу, аракети түстүү стикер менен бааланат**
2.

Жашыл стикер	Сары стикер	Кызыл стикер

0.3	0.15	0.05
Жооп туура	Жооп толук эмес	Жооп туура эмес ,бирок аракети бар эске алынат

3. **Бланкалык тести баалоо төмөнкүдөй критерийдин негизинде жүргүзүлөт:**

Суроо	Балл	Жалпы
10	0.1	1 балл
9	0.1	
8	0.1	
7	0.1	
6	0.1	
5	0.1	
4	0.1	
3	0.1	
2	0.1	
1	0.1	

4. **“Лоторея” оюну баллды топтоо негизинде бааланат.**

5. Ал эми жаппы жыйынтык **баалоо Жалпы балл:∑балл формуласы** менен жүргүзүлөт.

№	Студенттин аты-жөнү	Мурдагы өтүлгөн теманы кайталоо (тест)	Сабакты бышыктоо (тест)	“Лоторея” оюну	Кошумча балл	Жалпы балл (∑балл)
		1 балл	1 балл	1 0 балл		4 балл
1.						
2.						
3.						
4.						
5.						
6.						

7.						
8.						
9.						
10.						
11.						
12.						
13.						